**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

**Анна Михайловна Вотяковскаянын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 26-январындагы аныктамасына даттануусу боюнча**

# Т О К Т О М У

2024-жылдын 24-апрели Бишкек ш.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы Д.Б. Алиевдин катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, А.М. Вотяковскаянын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 26-январындагы аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

А. М. Вотяковскаянын даттанууда келтирген жүйөлөрүн жана өтүнүчү боюнча материалдарды карап чыгып, судья-баяндамачы М. Ш. Касымалиевдин маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**ТАПТЫ:**

2023-жылдын 27-декабрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Анна Михайловна Вотяковскаянын Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин (мындан ары – ГК) 1147-беренесинин 1-пунктунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесине, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтүн мазмунунан көрүнүп тургандай, 2022-жылдын 24-мартында А.М. Вотяковскаянын апасы – биргелешкен менчик-батирдин титулдук ээси болуп саналган Людмила Семеновна Вотяковская каза болгон.

2022-жылдын 19-апрелинде А.М. Вотяковская мыйзам боюнча мурастоо укугу жөнүндө күбөлүк берүү жөнүндө арыз менен мамлекеттик нотариалдык конторага кайрылган. Бирок ага аталган нотариалдык иш-аракетти жасоодон баш тартылган, анткени мурастоо ишинин материалдарында Л.С. Вотяковскаянын уулу, 2018-жылдын 30-июнунда каза болгон Денис Михайлович Вотяковскийдин кызы Валерия Денисовна Вотяковскаянын арызы болгон. Мында Граждандык кодекстин 1147-статьясынын 1-пунктунун күчүнөн улам Д. М. Вотяковскийдин өкүлчүлүк укугу боюнча үлүшү В. Д. Вотяковскаяга өткөн.

Ушуга байланыштуу, А.М. Вотяковскаянын мыйзам боюнча аны жалгыз мураскор деп таануу жөнүндө доо арызы Граждандык кодекстин бир катар ченемдерине таянуу менен берилген, алар анын пикири боюнча, мурастоо укугунун үчүнчү жактарга өтүшүн кескин жокко чыгарат жана тиешелүү түрдө маркум Д. М. Вотяковскийди мураскорлордун катарынан чыгарат.

Арыз ээси белгилегендей, Граждандык кодекстин 1125-статьясында "мураскор" терминине аныктама берилген, ал болсо 1147-статьяда колдонулат. Ошентип, керээз жана мыйзам боюнча мурас ачкан учурда тирүү граждандар, ошондой эле мурас калтыруучунун көзү тирүүсүндө бойго бүткөн жана мурасты ачкандан кийин тирүү төрөлгөн балдар мураскорлор болушу мүмкүн. Д. М. Вотяковский 2018-жылдын 30-июнунда каза болгон, бул каза болгондугу

тууралуу күбөлүк менен тастыкталган, демек, мурас ачылган учурда ал тирүү эмес болгон.

Бардык сот инстанцияларынын чечимдери менен жогоруда аталган доо арыз канааттандыруусуз калтырылган. А.М. Вотяковская бул жагдай анын укуктарын түздөн-түз бузуу деп эсептейт, ал эми бул укуктарга Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамы менен кепилдик берилген.

Кайрылуунун субъекти Граждандык кодекстин 1118-статьясына ылайык мурастоо – бул өлгөн адамдын мүлкүнүн мурастык укуктук жолун жолдоочулук тартибинде башка адамга же адамдарга (мураскорлорго) өтүшү деп көрсөткөн. Өз кезегинде, мураскорлук – бул укуктардын гана эмес, милдеттердин да өтүшү. Ал эми маркум эч кандай милдеттерди ала албайт

А.М. Вотяковская белгилегендей, буга карабастан соттор аны жана анын каза болгон бир тууганын биринчи кезектеги мураскорлор деп табышкан, бул жаралуусу боюнча жогорудан же ылдый карай кетүүчү туугандык катыш боюнча тикелей кодулоо болуп саналат, ага Конституциянын 24-беренесине ылайык жол берилбеши керек.

Мындан тышкары, арыз ээси талашылып жаткан ченем Конституциянын 56-беренесинин 2-бөлүгүн бузуу менен кабыл алынгандыгын, ага ылайык Кыргыз Республикасында адам укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керектигин белгиледи. Ал ошондой эле арыз ээсинин соттук коргонуу укугун бузат, анткени Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каза болгон адам менен соттук атаандашуучулук таптакыр жокко чыгарылган.

Баяндалганды эске алуу менен А.М. Вотяковская талашылып жаткан ченемди Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну өтүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 26-январындагы аныктамасы менен А. М. Вотяковскаянын кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Аныктамада Конституциянын 15-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн мурастоо укугун ишке ашырууну мамлекет, өз жыйындысында мурастоо укугунун тармагын түзгөн, өлгөн адамдан (мурас калтыруучудан) укуктардын

жана милдеттердин башка адамдарга (мураскорлорго) өтүшүн жөнгө салуучу укуктук ченемдерди мыйзамдарынын системасында бекемдөө жолу менен камсыз кылаары белгиленген. Бирок, мурастоонун конституциялык укугу өзүнчө алганда жаранда белгилүү бир мураска карата укуктарды жаратпайт. Мындай укуктардын келип чыгуусунун негиздери мыйзам менен аныкталат, мындай мыйзам болуп Граждандык кодекс саналат, ал мурастоо жана мурас мамилелерин жөнгө салат, ошондой эле мураскордун юридикалык статусун алуусунун атайын тартибин белгилейт. Бул тартип жеке кызыкчылыктарга, анын ичинде мурас калтыруучунун жана мураскорлордун кызыкчылыктарына гана кызмат кылбастан, ошондой эле коомдук кызыкчылыктарды, анын ичинде белгиленген эрежелерди жана жол-жоболорду кыйгап өтүү менен аталган статусту алууга багытталган мыйзамсыз аракеттерден коргоону да эске алат.

Дал ошондуктан, өз мүлкүн тирүүсүндө бөлүштүрүүнү уюштурган же мурас чөйрөсүндөгү мыйзамдын регламентине таянган, мурас калтыруучунун эркинин аткарылышына кепилдик берүү – мурастоо мамилелерин юридикалык жөнгө салууда негизги милдетти билдирет. Мындай мыйзамдык жөнгө салуу, биринчи кезекте, мураскорлордун керээзге же мыйзамга ылайык мурастагы өз үлүшүн алуу укугун камсыз кылууга багытталган.

Мурас ачылганга чейин же мурас калтыруучу менен бир убакта каза болгон, мыйзам боюнча мураскор каза болгон учурда, анын үлүшү өкүлчүлүк укугу боюнча анын балдарына өтөт. Демек, өкүлчүлүк укугу боюнча мурас – бул белгилүү бир мураскорлорду Мыйзамга ылайык мурастоого чакыруунун атайын механизмин камтыган жана потенциалдуу мураскорлор менен мурас калтыруучунун ортосундагы тууgandык даражасына түздөн-түз көз каранды болгон мурастын өзгөчө түрү.

Судьялар коллегиясы тарабынан кайрылууда көрсөтүлгөн арызданууччунун жүйөлөрү мураскорлордун мураска кирүү тартибине карата талашылып жаткан укуктук жөнгө салуунун конституциялуулугунан күмөн жараткан жетиштүү укуктук мүнөздөгү аргументтер менен бекемделбегендиги белгиленген.

Талашылып жаткан ченемдин Конституциянын көрсөтүлгөн жоболоруна

шайкештиги жөнүндө маселеде белгисиздиктин жоктугуна байланыштуу, судьялар коллегиясы А.М. Вотяковскаянын өтүнүчүн конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алуудан баш тарткан.

Судьялар коллегиясынын аныктамасына макул болбостон, А.М. Вотяковская 2024-жылдын 28-мартында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган. Арыз ээси судьялар коллегиясынын бул аныктамасын негизсиз жана төмөнкү негиздер боюнча жокко чыгарууга жатат деп эсептейт.

А.М. Вотяковская өзүнүн даттануусунда ал тарабынан алгачкы өтүнүчтө мураскорлордун мураска өтүүсүнүн тартиби эмес, Граждандык кодекстин 1147-статьясынын 1-пунктунда келтирилген өкүлчүлүк укугунун өзү түздөн-түз талашылгандыгын баса белгилейт.

Анын пикири боюнча өкүлчүлүк укугу мыйзамда аныкталган, ал өзүнүн маңызы жана мыйзам боюнча мурастоо укугу боло албайт, ал мурас ачылганга чейин каза болгон адамдын мурастык үлүшүн мурас алууга кезекке жараша мураскордун алуу укугу болуп саналат.

А.М. Вотяковская Жогорку соттун Пленумунун 2022-жылдын 4-ноябрындагы № 23 токтомунун 25-пунктуна ылайык соттор тарабынан талашылып жаткан ченемди колдонуу практикасы А. М. Вотяковскаяны мыйзамдуу мурасынын жарымынан ажыратарын белгилейт.

Кайрылуунун субъекти Жогорку соттун Пленумунун аталган токтомунда келтирилген өкүлчүлүк укугунун аныктамасы Граждандык кодекстин 1147-статьясынын 1-пунктунда каралгандан түп-тамырынан айырмаланат деп эсептейт. Алсак, аталган токтомдо, эгерде мурас ачылганга чейин же мурас калтыруучу менен бир убакта өлсө, ата-энесине таандык болгон, мыйзам боюнча тиешелүү кезектеги мураскордун ордун мыйзамдагы адамдардын ээлөөгө укугу каралган, бул А.М. Вотяковскаянын пикири боюнча мыйзамсыз болуп саналат, анткени мыйзам боюнча мураскордун укугу гана Мыйзамда жазылган.

Мындан тышкары, арыз ээсинин пикири боюнча Жогорку соттун Пленумунун жогоруда аталган токтомунун ченемдеринде камтылган айрым

мураскорлорду таануу механизми ачык түрдө басмырлоочу мүнөзгө ээ.

Даттануунун калган бөлүгүндө анын автору укуктук мүнөздөгү жаңы аргументтерди келтирбейт жана баштапкы өтүнүчтө келтирилген жүйөлөрдү гана кайталайт.

Баяндалгандарды эске алуу менен, А.М. Вотяковская судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 26-январындагы аныктамасын жокко чыгарууну жана анын өтүнүчүн конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арызданууучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, төмөнкү тыянактарга келди.

Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу маселеси боюнча аныктамасы процесстик мүнөзгө ээ. Ушуга байланыштуу, Конституциялык сот кайрылууда келтирилген аргументтердин жана талаптардын, ошондой эле коллегиянын тыянактарын жокко чыгарган жүйөлөрдүн алкагында гана мындай аныктаманы  кайра кароо тартибинде судьялар коллегиясынын тыянактарына укуктук баа берет.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамда кайрылуунун формасына жана мазмунуна карата жалпы талаптар каралган. Кайрылуунун мазмунуна карата негизги талаптардын бири болуп кайрылуучунун коюлган маселе боюнча позициясынын болушу жана Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасоо менен анын укуктук негиздемесинин болушу саналат (27-берененин 4-бөлүгүнүн 9-пункту). Муну менен арызданууучуга талашылып жаткан ченемдин жөнгө салуучу таасири адамдын жана жарандын Конституцияда кепилденген укуктары менен эркиндиктерин кандайча бузуп жаткандыгын түздөн-түз көрсөткөн логикалык жактан түзүлгөн жана укуктук мүнөздөгү ынанымдуу жүйөлөр менен өз талаптарын аргументтөө милдети жүктөлөт.

А.М. Вотяковскаянын өтүнүчүнүн жана даттануусунун мазмунунан алганда талашылып жаткан ченем биринчи кезектеги мураскор катары анын мурастоого болгон конституциялык укугун бузат, анткени өкүлчүлүк укугу

боюнча кезектеги кийинки мураскорлорго мурастоо укугун берет.

Конституциянын 15-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасында мурастоо укугуна кепилдик берилет. Өз кезегинде, мурастоо тартиби социалдык адилеттүүлүк жана теңдик принциптерин эске алуу менен мыйзамдарда белгиленет жана мыйзам чыгаруучунун дискрециясына таандык.

Конституциялык сот мурастоо маселелерин чечүүнүн колдонуудагы тартиби жөнүндө арыз ээсинин субъективдүү пикири жана аны менен макул эместиги белгиленген укуктук жөнгө салуунун конституциялуулугунда күмөн саноону пайда кылган жагдай катары каралышы мүмкүн эмес деп эсептейт.

Жогорку соттун Пленумунун 2022-жылдын 4-ноябрындагы № 23 токтомуна негизделген мыйзамсыз укук колдонуу соттук практика жөнүндө арыз ээсинин жүйөлөрү да негизсиз болуп саналат, анткени бул токтомдо жарандык мыйзамдардын тиешелүү ченемдерин жөнгө салуунун чегинен чыккан жоболор камтылган эмес.

Башкача айтканда, арыз ээсинин кайрылуусу натыйжасында Конституциянын 24-беренесинде, 56-беренесинин 2-бөлүгүндө жана 61-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган басмырлоого тыюу салуунун конституциялык кепилдиги, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдарды кабыл алууга жол берилбестик принциби, соттук коргонууга укугу бузулган укуктук проблеманы ачып берген негиздемелерди камтыбайт.

Ошентип, Конституциялык сот арызлануучунун кайрылуусу формасы жана мазмуну боюнча «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына жооп бербейт деген тыянакка келип, Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 26-январындагы аныктамасын жокко чыгаруу үчүн негиз тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т О К Т О М  К Ы Л Д Ы:**

1. Анна Михайловна Вотяковскаянын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 26-январындагы аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Бул токтом акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

№